| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 01-3-11 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар Кеңешинин
отурумунда
Протокол № 2
«29» 10 2025-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору
Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/1202
«7» 11 2025-ж.

# КГТУ И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ ТЕХНОПАРКТЫН ИЛИМ-ТЕХНИКАЛЫК КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Бишкек, 2025**

## ӨЗГӨТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ БАРАГЫ

| Барагы | Кошумача-алымчалар киргизилген бөлүмдүн/ пункттун номуру (№) же абзацы (бетин көрсөтүү зарыл) | КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин протоколунун № жана күнү |
|---|---|---|
| 1 | | Протокол №2<br>29.10.2025 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Жобо Кыргызыстандын И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары — КГТУ) Технопаркынын Илим-техникалык кеңешинин (мындан ары — ИТК) макамын, максаттарын, милдеттерин, функцияларын, түзүмүн жана иш алып баруу тартибин аныктайт.

1.2. ИТК — Технопарктын илимий-техникалык, инновациялык, өндүрүштүк-технологиялык жана билим берүү ишмердүүлүгүн координациялоо, эксперттик баалоо жүргүзүү жана өнүгүүнүн негизги багыттары боюнча сунуштарды иштеп чыгуу максатында түзүлгөн коллегиалдуу кеңешчү орган болуп эсептелет.

1.3. ИТК өз ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, КГТУнун Уставына, Технопарк жөнүндөгү Положениеге, университеттин нормативдик документтерине жана ушул Жобого ылайык жүргүзөт.

1.4. ИТКнын чечимдери сунуштук мүнөзгө ээ болуп, ректор же Технопарктын директору тарабынан алардын ыйгарым укуктарынын чегинде бекитилет.

## 2. ИТКнын максаттары жана милдеттери

2.1. ИТКнын негизги максаты — Технопарктын инновациялык, долбоордук жана илимий-техникалык ишмердүүлүгүнө илимий-методикалык жана эксперттик коштоо көрсөтүү.

2.2. ИТКнын негизги милдеттери:

- Технопарктын резиденти катары компанияларды, уюмдарды жана стартаптарды кабыл алуу (же баш тартуу) жөнүндө чечим кабыл алуу;
- Иновациялык долбоорлорду жана программаларды кароо;
- Илимий жана технологиялык иштеп чыгууларга эксперттик баа берүү;
- Илим, билим берүү жана өндүрүштү интеграциялоого көмөктөшүү;
- Илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын коммерциялаштырууга сунуштарды иштеп чыгуу;
- Инновациялык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун талдоо;
- Илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштердин тематикасын түзүүгө катышуу;
- Илимий долбоорлорго катышуучуларды тандоо.

## 3.ИТКнын функциялары жана ыйгарым укуктары

3.1. ИТК төмөнкү функцияларды аткарат:

- Технопарктын өнүгүү стратегиялык пландарын талкуулап, жактырат;
- Илимий-техникалык долбоорлордун аткарылышы боюнча отчетторду карайт;
- Иновациялык демилгелрге, технологияларга, патенттерге жана иштеп чыгууларга корутунду чыгарат;
- Технопарктын илимий-техникалык саясатынын приоритеттерин аныктайт;
- Конференциялар, семинарлар, көргөзмөлөр жана инновациялык идеялардын конкурстарын демилгелейт;

- Технопарк резиденти статусун берүү боюнча арыздарды карап, чечим кабыл алат.

3.2. ИТКнын ыйгарым укуктары:
- Технопарк жана университеттин бөлүмдөрүнөн зарыл маалыматтарды талап кылуу;
- Эксперттерди жана адистерди талкууларга тартуу;
- Долбоорлорду ишке ашырууну сунуштоо же четке кагуу;
- Резиденти статусун берүүнү же бузуу шарттары сакталбаганда токтотуу;
- Технопарк жана университет жетекчилигине сунуштарды киргизүү.

## 4. ИТКнын ишин уюштуруу

4.1. ИТКнын ишине КГТУнун илимий иштер боюнча проректору төрагалык кылат.
4.2. Төрага:
- Кеңештин ишин уюштурат;
- Жыйналыштын күн тартибин бекитет;
- Жыйналышты алып барат;
- Протоколдорго жана чечимдерге кол коёт;
- Кеңештин атынан университет жетекчилиги менен иш алып барат.

4.3. ИТКнын ишин уюштуруу үчүн катчы дайындалат.
4.4. ИТК жыйналыштары кварталына кеминде бир жолу өткөрүлөт.

## 5. Курамы жана түзүлүү тартиби

5.1. ИТКнын курамы КГТУнун ректору тарабынан беш жыл мөөнөткө бекитилет.
5.2. Курамга төмөнкүлөр кирет:
- илимий иштер боюнча проректор — ИТК төрагасы;
- Технопарктын директору;
- бизнес өкүлдөрү (2 адам);
- КГТУнун илимий-педагогикалык кызматкерлери (2 адам).
5.3. Зарыл учурда кошумча эксперттер убактылуу кошулушу мүмкүн.

## 6. ИТК мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери

6.1. Мүчөлөрдүн укуктары:
- талкууларга катышуу;
- сунуштарды жана пикирин билдирүү;
- керектүү материалдарды алуу;
- өзгөчө пикирин протоколго киргизүүнү талап кылуу.

6.2. Мүчөлөрдүн милдеттери:
- жыйналыштарга активдүү катышуу;
- ушул Жободогу талаптарды сактоо;
- маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылуу.

## 7. Жыйналыштарды өткөрүү тартиби

7.1. Жыйналыш курамдын үчтөн экиси катышканда мыйзамдуу деп эсептелет.
7.2. Чечимдер жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.
7.3. Добуштар тең чыкса — төраганын добушу чечүүчү болот.
7.4. Кошумча жыйналыш төраганын, Технопарк директорунун же курамдын үчтөн биринин демилгеси менен чакырылат.

## 8. Чечимдерди жана протоколдорду каттоо

8.1. Ар бир жыйналыш боюнча протокол түзүлүп, төрага жана катчы тарабынан кол коюлат.
8.2. Чечимдер сунуш, корутунду же токтом түрүндө расмийландырат.
8.3. Протоколдор Технопарктын иш кагаздар архивинде сакталат.

## 9. Акыркы жоболор

9.1. Ушул Жобо ректордун буйругу менен күчүнө кирет.
9.2. Өзгөртүүлөр ИТКнын чечими менен киргизилет жана ректордун буйругу менен бекитилет.
9.3. Бул Жобо менен жөнгө салынбаган маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана КГТУнун ички документтерине ылайык чечилет.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ бөлүмүнүн башчысы А.Ж.Исраилов